Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№18 [16976] ИШЕМБИ, 19/07/2025

## ИНВЕСТИЦИЯ ТАРТЫЛЫП, ИНФРАТҮЗҮМ ЖАКШЫРУУДА




5-бетте

## ТӨӨ-МОЮНДАГЫ ТАЗАЛЫКТЫ ТУУ ТУТКАН ТАРМАК



8-бетте

## Мекенден алыс жүрөмүн, Мекен деп согот жүрөгүм



3-бетте

## Максатыбыз – элди электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыздоо



6-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен!**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2025-жылдын II жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити
Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

## ЗАМАНБАП ТӨЛӨМ КАРАЖАТТАРЫ



4-бетте

Ош облусунун коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
А.Матиева

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 901**
**Нускасы: 1800**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: 7-13-34
Жооптуу катчы: 7-10-02
Жарнак бөлүмү: 7-11-31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Өзбекстандан өткөн 100 гектар жерге өндүрүш аймагы жана кичи шаарча курулат

Ош облусунун башчысы Эльчибек Джантаев Кара-Суу районуна жумушчу сапар менен барып, Өзбекстан Республикасынын аймагынан Кара-Суу шаарына өткөн 100 гектар жерди көрдү. Бул жерде келечекте өндүрүш аймагын жана кичи шаарчаны куруу пландалууда.

Иш сапардын алкагында облус жетекчиси жер тилкесинин инвентаризациясы менен таанышып, бул аймакта курула турган өндүрүш аймагынын баштапкы долбоору жана Мамлекеттик ипотекалык компания тарабынан пландалып жаткан көп кабаттуу үйлөрдүн жайгашуучу аянты боюнча маалымат алды.

Эльчибек Джантаев аталган аймакка алып баруучу негизги жол, таза суу менен камсыздоо жана жалпы инфраструктура маселелерине өзгөчө токтолуп, жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө бул багытта ишти ыкчамдатууну тапшырды.



Белгилей кетсек, аталган долбоор Кара-Суу шаарынын өнүгүшүнө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жаратып, аймакта жаңы жумуш орундарынын түзүлүшүнө өбөлгө болот.

# “Баатыр эне” ордени, “Эне даңкы” медалы тапшырылды



Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нургожоевич Жапаровдун жарлыгы менен ыйгарылган “Баатыр эне” ордени жана “Эне даңкы” медалы менен сыйлоо аземи Ош облусунда салтанаттуу түрдө өткөрүлдү. Иш-чара Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын жыйындар залында болуп өттү.

Сыйлык тапшыруу аземине өкүлдүн орун басары Талантбек Арстанкулов катышып, облус жетекчилигинин атынан көп балалуу энелерди куттуктады. Ал энелердин коомдогу орду, үй-бүлө тарбиясындагы зор эмгеги жана балдарды адеп-ахлакка, билимге, ыйманга тарбиялоодогу үлгүлүү салымы үчүн ыраазычылык билдирди.

Жалпысынан, Ош облусу боюнча 394 эне “Баатыр эне” ордени, ал эми 205 эне “Эне даңкы” медалы менен сыйланды.

“Баатыр эне” ордени жети же андан көп бала төрөп, аларды татыктуу тарбиялап өстүргөн энелерге ыйгарылат. Ал эми “Эне даңкы” медалы көп балалуу энелердин коомдогу ордун жана эмгегин баалоо максатында ыйгарылат.

# Заманбап магниттик-резонанстык томография (МРТ) борбору ачылды

Ош облустар аралык бириккен клиникалык ооруканасынын базасында заманбап магниттик-резонанстык томография (МРТ) борбору расмий ачылды.

Иш-чарага Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Талантбек Арстанкулов, мамлекеттик органдардын жана инвесторлордун өкүлдөрү катышты.

Бул борбор «Шаньшуй Силк Роуд КейДжи» ЖЧКсынын инвестициясы жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк келишиминин алкагында ишке ашырылды. Долбоорго жалпысынан 1 миллион АКШ долларынан ашык каражат салынды. Анын негизинде имарат толук оңдолуп, Кытайда өндүрүлгөн uMR 580 үлгүсүндөгү, 1.5 Тесла кубаттуулуктагы МРТ аппараты орнотулду.

Мурда бул ооруканада МРТ аппараты жок болгондуктан, бейтаптарды башка борборлорго жөнөтүүгө туура келчү. Эми болсо, МРТ кызматы оорукананын өзүндө жеткиликтүү болуп, так жана сапаттуу дарт аныктоого шарт түзүлдү. Жыл сайын миңдеген бейтаптар бул жабдуунун жардамы менен диагностикадан өтө алышат.

МРТ борборунун ачылышы — Кыргызстандын түштүк аймагындагы калк үчүн жогорку технологиялуу медициналык жардамды жеткирүүнүн маанилүү кадамы болуп саналат.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**





Кайрыктар казынасы

# Мекенден алыс жүрөмүн, Мекен деп согот жүрөгүм

Ар бир адамдын жүрөгүндө туулган жерге болгон өзгөчө сезим жашайт. Биздин мекендештер, дүйнөнүн түркүн бурчтарына тарап кеткен кыргыз жарандары, ошол сүйүүнү жан дүйнөсүндө сактап, мекенден алыста болсо да, өзүнүн улуттук нарк-насилин, тилин, маданиятын унутпай, кастарлап карманып жүрүшөт. Бүгүнкү күндө миңдеген кыргызстандыктар чет өлкөлөрдө эмгектенип, өз үй-бүлөсүн гана эмес, мекенинин экономикасына да салым кошуп келишүүдө. Мигрант мекендештер кимдер? Мигранттар мекендин жүгүн көтөрүп турат. Алардын ар бирин, жүрөгү менен Кыргызстанда жашаган, бирок тагдыр жолунда чет жакка кадам таштаган эр жүрөк адамдар түзөт. Миграция-жөн гана көч эмес, бул-үмүт, аракет, кээде кайгы жана чоң кайрат. Мунун баары бизди биримдикке жана мекенге болгон жоопкерчиликке чакырат.

"Мезгил үнү, эртеңки келечек эс тутуму китепте сакталат эмеспи. Биз миграцияда, чет жерде жүрсөк да, өзөктүү байыркы кыргыз эне тилибиздин баркын, наркын баалап, мигранттар жасап кеткен, жасап жаткан баа жеткис иштер, руханий азыкка айланып, бүгүнкүнүн жан дүйнө коңгуроосун кагып, келечек муундарга калтырчу маалымат аманат болот деп ишенебиз. Бул максатта Москва шаарында 2010-жылы "Москва кайрыктары"адабий чыгармачылык клубу түзүлгөн. Ага көр тиричиликтин айынан көчмөн болуп, жан дүйнө табиятынын үнүн багып, жашоо менен алпурушкан мекендештерибиз мүчө болуп кирген"-дейт



«Кайрыктар казынасы» коомдук адабий бирикмесинин төрагасы, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил комиссиясынын чет өлкөдөгү коомдук башталыштагы жана "Кыргыз тили"коомунун Москва шаарындагы өкүлү Бапанов Багытбек Шериевич.

Мекен- бул адамдын жан дүйнөсүнүн чордону. Жер кезип, дүйнө кыдырып жүргөн күндө да, мекенге болгон кусалык жүрөктү эзип, сезимди жаралайт. Кыргыз эли ар дайым ыр менен муңун төгүп, сөз менен сүйүнүчүн бөлүшкөн. Бүгүнкү күндө чет өлкөдө жашап, чыгармачылык менен алек болуп жүргөн мекендештер ошол салтты улантып, кыйын тагдырлардан жаралган ырлары аркылуу эл менен мекендин көпүрөсүн курууда. Алардын ар бири өзү турган жерде кыргыздын үнүн чыгарып, эне тилин, маданиятын сактайт. Жашаган жери алыс болгону менен, жүрөгү Кыргызстан деп согот. Алардын калеминен жаралган саптар мекенге болгон сүйүүнү, сагынычты жана үмүттү алып келет.

Акын - деген кулак укпаган, көз көрбөгөн нерселерди көрө билген, бийиктиктерди өзүнүн калеми менен багынта билген адам. Чыныгы акындын руху асмандай бийик, кыялы ай-ааламга чаргыган, бирок табияты гүлдөй назик, ич дүйнөсү, ой-пикири акактай таза. Бирок ошол назиктигине, жумшактыгына карабастан, адамзаттын не бир айтып аягына чыкпай турган көйгөйлөрүнө алыстан көз кырын салган, ой короткон, акыл жумшаган адам катары бааланат.

Мына ушундай жогорудагы асыл сапаттын ээлери болгон, Мекенден алыс жүрсө да, өз тилине, өз адабиятына кайдыгер болбой эмгек кылган "Екатеринбург кайрыктары" ийриминин мүчөлөрү көкүрөгүндө кайнап, өз ата-журтуна болгон сагынычын, кусалыгын, ырга жазып жыйнак кылып чыгарып окурмандарга тартуулаганы да чоң жанылык. Бөтөн элде, бөтөн жерде эмгектенген мигранттардын ыр жыйнагындагы чыгармалары ар бириңиздердин жүрөгүңүздөрдөн орун аларына ишеним артып турам.

«Екатеринбург кайрыктары» — тагдыр жолу алыс сапарларга бурулган, жүрөк тереңинде мекенге болгон сагынычты, үмүттү, эскерүүлөрдү сактап келген адамдардын жан дүйнөсү. Бул китеп — тагдырдын түркүн кайрыктары аркылуу бизди Екатеринбургга жетелеген, ошол жакта жашап, иштеп, бирок өз тамырынан ажырабаган кыргыздардын чыныгы жашоо баянынын жыйнагы.

Кайсы гана өлкөдө, кайсы гана шаарда болбосун, өз улутунун салтын, тилин, дилин сактап жашоо — бул эрдик. Аталган эмгек дал ошол эрдиктин күбөсү. Ар бир баян, ар бир эскерүү — жүрөктүн тереңинен чыккан үн, алыстагы мекенге болгон кусалык, кагаз бетине түшүп, тарых барактарына айланып отурат.

Бул жыйнак жөн гана эскерүүлөр эмес — бул миграциянын, коомдук өзгөрүүлөрдүн, жана инсандык тагдырлардын күзгүсү. Ар бир окурман бул саптардан өзү билген, өзү көргөн, же болбосо өзү баштан кечирген окуялардын үндөшүн табары шексиз. Ошондуктан, бул жыйнак — бир гана тарыхый документ эмес, ал — руханий мурас.

«Екатеринбург кайрыктары» -көп жылдар бою мекенинен алыста жүргөн кыргыз жарандарынын жан дүйнөсүн, сезимдерин жана үмүттөрүн чагылдырган маанилүү эмгек катары бааланат. Бул жыйнакта ушундай чыгармачыл мекендештердин тагдырлары, чыгармачылыгы чагылдырылды. Анткени мекенге болгон сүйүү бул сөз менен да, ыр менен да, аракет менен да билдириле турган улуу сезим. Бул чыгарманы колго алып окуган ар бир адамга унутулгус таасир калтырат деген ишеничтебиз.

**А.МАТИЕВА.**

28-июль – Бүткүл дүйнөлүк гепатит менен күрөшүүнүн күнү

# Гепатит оорулары катталууда

Бүгүнкү күндө В, С вирустук гепатиттерине чалдыккан жарандардын саны күтүлгөндөн 5 эсе көп болуп катталып жаткандыгына байланыштуу оорулуулардын арасында кечигип аныкталып, цирроз, боордун рак оорусуна өтүп кетип, боор алмаштырууга муктаж болгон жарандар негизги көйгөйлөрдү жаратууда. 2025-жылдын 6 айында өнөкөт вирустук гепатит В оорусу Ош облусу боюнча 518 учур, Ош шаары боюнча 142 учур катталган. Ошондой эле өнөкөт вирустук гепатит С оорусу Ош облусу боюнча 262 учур, Ош шаары боюнча 115 учур катталган. Бул көйгөйлөрдү чечүү максатында Бүткүл дүйнөлүк вирустук гепатитке каршы күрөшүү күнүнө карата 2025-жылдын 25-июлунан 5-августуна чейин 10 күндүк кампания өткөрүү күтүлүүдө. Медицина кызматкерлери тарабынан калк арасында акцияларды жана мекеме-ишканаларда жолугушууларды өткөрүү иш-чаралардын планына коюлган. Акция жана жолугушуу учурунда жашоочулардын, жумушчулардын кызматкерлердин арасында кан аркылуу жугуучу( В, С жана Д )вирустук гепатиттеринин таркалышынын себептери, жугуу тобокелдик факторлору жана алдын алуу иш-чаралары жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Бул оору боордун клеткаларын жабыркатуучу вирустук мүнөздөгү курч же өнөкөт формадагы жугуштуу оору. Жугуусу өтө жогору. Вирустун өзгөчөлүктөрү: жогорку ультрафиолет нурларына, физикалык, химиялык факторлорго, жогорку кислоталуу чөйрөнүн таасирлерине туруктуу.

Кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттеринин жугуу жолдору:

- парентералдык (тактап айтканда кан аркылуу жугат) жугуусунун негизги жолдору:бейтаптын (же ташуучунун) каны же суюктугу менен байланышта болгондо:

-медициналык манипуляциялар учурунда-булганган канды же анын препараттарын (плазманы жана башкаларды) куюуда,гемодиализ сессияларында,иньекцияларда, акупунктурада, иньекциялык ийнелерди жана канюлаларды кайталап колдонууда.

-жыныстык-инфекция жуккан адам же вирусту жуктуруучулар (вирусту алып жүрүүчүлөр) менен корголбогон жыныстык катнаш аркылуу

-төрөт учурунда энеден балага же эненин сүтү менен;

-Оорулуунун каны менен булганган нерселерге(устара, тиш щетка, маникюр, аксессуарлары, медициналык аспаптар);

-Медициналык эмес манипуляциялар аркылуу-банги заттарды сайынууда,пирсинг,татиуровка ж.б жасатканда.

Вирустук гепатиттин негизги белгтлери: дене табы ысып, алсыздык, мундардын ооорушу, заңдын өңү бузулушу, баш оору, табиттин жоголуп, арыктоо, зааранын бузулушу, көздүн саргайуусу, ичтин оорушу.

Вируска каршы даарылоо: курч өтүүчү гепатиттер менен ооруган иммундук компетенттүү чоңдордун 95%дан ашыгы вируска каршы дарылоону талап кылбайт, анткени ал өзүнөн-өзү айыгууга алып келет жана тейлөө терапиясы гана керектелет. Вирустун жыйымы көбөйүп кеткенде вируска каршы дарылар берилет.

### Диета жана дарылоо

Боор тамак сиңирүү процессине катышкан эң маанилүү органдардын бири. Боордун активдүү продуктуларынын бири – бул майлардын сиңирүүсүнө катышкан от суюктугу. Ал уйку безинин жана ичке ичеги ферменттеринин активдүүлүгүн жогорулатат, ошондой эле ичке ичегинин кыймылдаткыч жана секретордук функцияларын жөнгө салат. Ичегилерде витаминдердин, холестериндин, аминокислоталардын жана кальций туздарынын сиңирүүсүндө өттүн ролу чоң. Боордун дагы бир маанилүү функциясы - анын зат алмашууга катышуусу. Ичегиде сиңирүүчү дээрлик бардык заттар (анын ичинде дарылар) боордо турдүү өзгөрүүлөргө дуушар болот. Кээ бирлери кийин организмге сиңе турган формага айланат, башкалары организм үчүн уулуу (индол, скатол) зыянсыз формага айланат же өт менен жок кылынат. Ошентип, вирустук гепатит учурунда ичегиге өттүн агышы чектелип, боордун башка функциялары бузулуп, тамак сиңирүү процесси олуттуу түрдө өзгөрөт, мунун баары организмдеги зат алмашуу процессинин бузулушуна алып келет. Ошол себептерден курч жана өнөкөт вирустук гепатит жана цирроз менен ооругандар диеталык тамактануусу негизги принциптердин бири болуп саналат.

Курч өткөн вирусттук гепатитте боордун функциясынын олуттуу бузулушу байкалат, бирок көбүнчө кыска мөөнөттүү, б.а. көпчүлүк учурда оорунун башталышынан тартып 6 айдын ичинде толук сакайып кетүү байкалат. Курч гепатит көбүнчө катуу интоксикация - алсыздык, аппетиттин жоголушу, жүрөк айлануу, кусуу менен коштолот. Мунун баары терапиялык тамактанууну – диетаны уюштурууда эске алынууга тийиш. Ал боордун иштешин жакшыртууга, зат алмашуунун бузулушун оңдоого, боор кыртышында регенеративдик процесстерди стимулдаштырууга багытталышы керек. Оорунун курч маалында эң катуу диеталык сунуштар сакталуусу зарыл, б.а. диета стол №5а деп аталган. Алар акырындык менен кеңейтилет, стол №5 деп аталган диетага өтүшөт. Кадимки диетага өтүү оорунун башталышынан тартып алтынчы айдан эрте эмес убакыт аралыгында сунушталат. Олуттуу чектөөлөргө карабастан, оорунун курч мезгилинде да бейтаптардын тамактануусу толук болушу керек, б.а. тамак аш бул учурда да организм талап кылган белоктордун, майлардын, углеводдордун, витаминдердин жана минералдык туздардын өлчөмүн камтыйт.

Белоктун негизги булагы — малдын азыктары. Майсыз эт жана балык, аз майлуу быштак, йогурт, аз майлуу айран жегенге уруксат берилет. Гепатиттин иктериялык мезгилинин бийиктигинде майдын өлчөмү, айрыкча , жаныбарлардан алынган майлар чектелиши керек. Өсүмдүк майлары (күн карама, жүгөрү, зайтун майы) артыкчылыкка ээ, аларды жашылча салаттарына кошууга болот . Жаныбарлардын майларынан суткасына 50 граммдан ашык майга жол берилбейт. Диета углеводдор менен, өзгөчө оңой сиңүүчү (кант, бал, кыям) менен байытылат. Суюктуктун саны чектелбейт, өзгөчө оорунун оор учурларда жана катуу интоксикацияга убагында суюктукту жемиш, мөмө жана жашылча ширелери (кычкыл эмес), компот, желе, кыям, бал кошулган алсыз таттуу чай, ал эми сарыктын жоголуу учурунда – ит мурун кайнатмасы түрүндө ичүү жакшы. Тамак-ашты күнүнө 5-6 жолу ичет, бул өттүн бөлүнүп чыгышын камсыздайт жана боордо өттүн топтолуп калышына жол бербейт. Оорунун оор учурларында жүрөк айлануу, кусуу, табиттин жоголушу абдан катуу болгондуктан, оорулуунун тамактан баш тартуусуна алып келет. Мажбурлап тамактануу тез арада организмди калыбына келтирүүгө өбөлгө түзөт деген көз караш таптакыр негизсиз. Ошондуктан мындай учурда суюктукту гана ичип туруу менен чектелсек болот. Оорунун узакка созулган тибинде жана оор учурларда 7-10 күндө бир жолу орозо күнү (кант, быштак, күрүч-компот) сунушталат. Ал боорду женилдетет, организмден токсиндерди чыгарууга өбөлгө түзөт жана пациенттин жалпы абалын жакшыртат. Курч вирустук гепатиттен кийин боордун функциясы жай калыбына келгендиктен, оорулуу 4-6 ай диета кармашы керек. Вирустук В гепатиттин алдын алуу үчүн эмдөө жүргүзүлөт. Вакцинаны 1-чи дозасын алгандан кийин 2-чисин 1 ай, 3-чүсүн 6 айдан кийин өз убагында алса 98-100% коргоону камсыз кылат.

**А. Залимбекова**
**ООКЖВГжАИВКБнун**
**дарыгер-инфекционисти.**

*Электрондук технологиялар биздин жашообузга тездик менен кирди. Бул – экономиканын өнүгүшүнө жана анын элементтеринин өркүндөтүлүшүнө кызмат кылды. Бул – акчанын жаңы формасынын пайда болушуна жана натыйжада, маалыматтык жана компьютердик технологиялар аркылуу кредиттик уюмдардын, төлөм тутумдарынын өркүндөтүлүшүнө негиз болду. Бүткүл дүйнө жүзүндө электрондук төлөөлөрдүн популярдуулугу жана электрондук төлөөлөргө суроо-талаптын жогорулашы байкалууда. Заманбап төлөм механизмдери алардын ыңгайлуулугу, ишенимдүүлүктүн жогорку деңгээли, каржылоонун ыңгайлуулугу жана ылдамдыгы менен айырмаланып, биздин күндөлүк жашообузга оңой киргүгө мүмкүндүк берди. Төлөм тутумдарынын жардамы менен бүгүнкү күндө он-лайн жана офф-лайн дүкөндөрдөн сатып алуу үчүн төлөө, банкоматтардын жана терминалдардын кызматтарын пайдалануу, уюлдук телефонуңузга же электрондук капчыгыңызга насыя алуу мүмкүнчүлүгүн аласыз. Андыктан, заманбап төлөм каражаттары тууралуу Улуттук банктын Ош областтык башкарамылыгына кайрылып, төмөнкүдөй маалыматтарды ала алдык.*



# ЗАМАНБАП ТӨЛӨМ КАРАЖАТТАРЫ

**-Заманбап төлөм каражаттары деген кандай жана алар кандай иштейт?**

-Заманбап төлөм каражаттары – финансылык операцияларды жүргүзүү үчүн колдонулган жаңы куралдар (инструменттер). Алар акча жүгүртүү процессин ыңгайлуу, коопсуз жана эффективдүү жүргүзүүгө мүмкүндүк берген платформа жана технологиялар. Алар интернет, мобилдик байланыш, технологиялык өнүгүүлөрдүн натыйжасында пайда болду. Заманбап төлөм каражаттары ортодогу финансылык эсептешүүлөрдү жана которууларды коопсуз жана тез жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Заманбап төлөм каражаттарына банктык карталар (анын ичинде виртуалдык карттар), электрондук капчыктар, мобилдик тиркемелер, учурда өлкөбүздө пайдаланууга кеңири тараган QR-коддор жана жаңы төлөм каражаттары NFC-чип менен камсыздалган шакекче, билерик жана стикерлер кирет. Бул каражаттар сатып алууларды жана төлөмдөрдү ылдам жана ыңгайлуу жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Мисалы, колдонуучулар дүкөндөрдө же кызмат көрсөтүүчү жайларда тез арада акча төлөөнү же жөн гана бир эсептен экинчисине акча которуу сыяктуу операцияларды жогорда айтылган, заманбап төлөм каражаттары аркылуу тез жүргүзүп, убакыт үнөмдөшөт.


**-Заманбап төлөм каражаттарынын кандай түрлөрү бар?**

-Заманбап төлөм каражаттарынын ар бирине кененирээк токтоло кетсек, алар төмөнкүчө:

- Банктык карта (анын ичинде виртуалдык карталар) – банк кызматын колдонуучунун бир же бир нече банктык эсепке байланган пластикалык же виртуалдык картасы. Кызмат акы, буюм сатып алуу анын ичинде интернет аркылуу сатып алуу, заманбап акча которуулар, жүз көрүшпөй (контактсыз) төлөм жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү бар. Банктык картанын артыкчылыктарынын бири -бул акча каражатын банкоматтардан накталай алуу.
- QR-код – бул уюлдук телефондун же планшеттин камерасы аркылуу оңой тааныла турган жана 4200дөй символду камтыган виртуалдык маалыматтык база. QR (quick response) – англис тилинен которгондо тез жооп берүү дегенди билдирет. Жөнөкөй сөз менен айтканда - бул кыска мөөнөттүн ичинде көптөгөн пайдалуу маалыматтарды камтыган эки өлчөмдүү штрих-код. Анын жардамы менен төрт бурчтуктун ичинде түрдүү чиймеси бар ак-кара сүрөттөлүшкө уюлдук телефонду жакындатуу аркылуу, коопсуз жана ылдам төлөмдү жүргүзсө болот. Учурда төлөм каражатынын бул түрүнүн популярдуулугу тездик менен өсүп жатат.




- Электрондук капчыктар жана мобилдик тиркемелер - уюлдук телефон колдонуу аркылуу банктык кызматтардан кардардын пайдалануусу. Акча которуу, тейлөө кызмат акы, буюмдарды сатып алууларды төлөө жана ошондой эле банктык эсебинин калдыгын көрүү, башкарууга мүмкүн. Калкыбыздын дээрлик көпчүлүгү интернетти уюлдук байланыш аркылуу колдонгондуктан, мобилдик банкинг Кыргызстанда жеке жактар тарабынан эң көп колдонулат.
- NFC төлөмү – бул шакекче, билерик, уюлдук телефондордо NFC-чип менен камсыздалган технология, ал аркылуу сатып алуу, кызмат акы төлөөлөрдү жүз көрүшпөй (контактсыз) төлөө мүмкүнчүлүгүн түзөт. Төлөм жүргүзүү үчүн банктык картаны терминалга колдонуу же банктык картаны магниттик тилкесин терминалга тийгизүүнүн ордуна NFC-чибин терминалга жакындатуу гана жетиштүү. NFC төлөмүнүн артыкчылыгы - убакытты үнөмдөйт жана банктык карттын ПИН-кодун терүүнү талап кылбайт. Адатта NFC төлөмү аркылуу төлөө суммасына чектөөлөрдү коюу, банктык эсептин коопсуздугун камсыздайт.




**-Заманбап төлөм каражаттарынын кандай артыкчылыктары бар?**

-Заманбап төлөм каражаттарынын негизги артыкчылыктары – алардын ылдамдыгы, глобалдуу жеткиликтүүлүгү, убакытты жана ресурстарды үнөмдөөсү. Жарандар үчүн эң негизги ыңгайлуулук жараткан жагдай – бул жаныңа ири суммадагы акчаны алып жүрүүнүн зарылдыгы жок. Элде эми акчаны жоготуп алуу коркунучу азайып, төлөөдө да бир топ убакытты үнөмдөп алууга шарт түзүлдү.

Төлөм каражаттарын жүргүзүүнүн маанилүү мүмкүнчүлүгү катары жүргүзүлгөн төлөмдөр же акча которуулар тууралуу маалыматтар колдонуучунун тиркемесинде сакталып калаарын белгилесек болот. Адатта накталай акчаны кимге берип, кайда жумшагандыгын жарандар унутуп калчу болсо, эми тиркемедеги таржымалды карап туруп эле, тийиштүү убакыттын аралыгындагы чыгашаларды көрө алышат.




Смартфон, банк картасы жоголсо же жогоруда аталган куралдарга (инструменттерге) кирүү үчүн сыр сөздөр үчүнчү жактарга жеткиликтүү болуп калды деп шектенген ойлор пайда болгон учурда, жогорудагы төлөм каражаттарынын ээлери банкка кайрылып, картага же электрондук капчыкка бөгөт коюп коюшса да болот.

**Жазып алган: К.Кыдыралиева.**

# Инвестиция тартылып, инфратүзүм жакшырууда

**Ноокат районундагы А.Мирмахмудов атындагы айыл өкмөтүн Нурматов Майрамбек Абдыкарович ийгиликтүү жетектөөдө. Айыл өкмөттө социалдык- экономикалык абалын жакшыртуу максатында 2024-жыл ичинде жана 2025-жылдын 6 айында бир топ алгылыктуу иштер аткарылды. Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 33 жылдыгына жана Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата айыл өкмөтүнүн Арал айылында 10 млн. сомдук жаңы мал базар, Барын айылынын эски сельхоз-химиянын ичинде 2 ишкана, Чапаев айылында 1 ишкана ачылып пайдаланууга берилди. Жеткирилген жалпы тапшырма 2024-жыл ичинде 42 млн. 313,5 миң болсо, иш жүзүндө 42 млн. 139,6 миң сомду түзүп, тапшырма 99,6%га аткарылды. Бул көрсөткүч 2023-жылга салыштырганда 496 миң 900 сомго көп жыйналып, өсүү ыргагы 101,2% ды түздү. Ушул жана башка аткарылган иштер тууралуу баян этебиз.**



## Салык жана салык эмес жыйымдар

Салыктын түрлөрү боюнча алып караганда 2024-жылдын 12 айында жергиликтүү бюджетке, анын ичинде кыймылсыз мүлк салыгына берилген план 516 миң сом болсо, аткарылганы 702 358 миң сом болуп өсүү ыргагы 136,12% ды түздү. Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы план 1 млн. 170 миң сом болсо аткарылганы 1 млн 377932 сомду, өсүү ыргагы 117,77% ды түздү. Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча айтсак, 2024-жылдын 12 айында турак жайларды камсыздандыруу боюнча план 974 турак жай болсо, иш жүзүндө аткарылганы 1015 болуп башкача айтканда 104,21% га ашыгы менен аткарылды.

## Айыл чарбасы

Айыл аймактын суулуу жана кайрак жерлерине, башкача айтканда, Кара-Кокту, Арал, Чапаев айылдарында тез киреше бере турган, чет өлкөлөргө экспорттоого көздөлгөн жер-жемиш эгиндери камсыздалды. Кулпунай, мөмө- жемиш жетиштирүүнүн жана кайрак айдоо жерлерде 1 га интенсивдүү, тамчылатып сугаруу ыкмасы менен мөмөлүү дарактарын өстүрүүнүн эксперимент таризинде дыйкандарга кеңири жайылтуу менен отургузулган плантациялардан мол түшүм алына баштады.

Ошондой эле өткөн жылдары Россия Федерациясынан алынып келинген күздүк буудайдын райондоштурулгон «Алексеевич» жана башка сортторунан гектарынан 30-32 центнерден түшүм алынды. Февраль-Март айларында дыйкандар үчүн жаңы агротехнологиялар боюнча окуу семинарлар уюштурулду.

## Өнөр жай тармагында

Өнөр жай продукциясын өндүрүү боюнча 2024-жылга карата план 140 млн. сомго аткарылып, 101,9% ды түздү. Барын айылында бетон заводу ноябрь айында толук ишке кирди. 7 адам жумуш орду менен камсыз болду. Чапаев айылында пескоблок чыгаруучу ишкана ачылып 4 жумушчу орду менен камсыз болду. Киров айылында пеноблок чыгаруучу ишкана ачылып, 5 жумушчу орду түзүлдү. Кошумчалап кетсек, 2024-жылга карата айыл аймагында алгылыктуу иштер аткарылып, 127 млн. 674 миң 715 сомдук инвестиция тартылды.

## Инфратүзүм

Айыл өкмөтүндөгү Киров айылындагы Үч-Жыгач участкасында жана Алмазор көчөсүндө таза суу түтүкчөлөрү ремонт кылынып, полиэтилен трубалары жаткырылды. Жалпы сметалык баасы 1 126 000 сомду түзүп, айыл өкмөт тарабынан каржыланды, ал эми элдик салым 240 000 сомду түздү.

Киров, Барын айылындагы орто көчөгө, М.Эгембердиев көчөсүнө, Заправочная көчөсүнө шагыл төшөлдү. Айыл өкмөт тарабынан каржыланып, жалпы сметалык баасы 680 000 сомду түзүп, ал эми Чапаев айылынын ички жолдоруна эл тарабынан колдоого алынып, шагыл төшөлдү. Жалпы баасы- 630 000 сомду түздү.

Чапаев айылынын С.Азимов көчөсүнө узундугу 3,5 км. таза суу түтүгү тартылып, жергиликтүү бюджеттен 640 000 сом, ал эми жергиликтүү тургундар тарабынан 200 000 сом сарпталды.

Барын айылынын 4 көчөсүнө асфальт төшөлүп, жалпы сметалык баасы 6 000 000 сомду түзүп, айыл өкмөт тарабынан каржыланды. Жергиликтүү тургундар тарабынан асфльтка даярдоо иштери жүргүзүлдү.

Арал айылында заманбап ФАП курулуп, Ас-Сафа кайрымдуулук фонду тарабынан 1 700 000 сом жергиликтүү тургундар тарабынан 55000 сом сарпталды. Кара-Кокту айылына таза суу киргизүү үчүн айыл өкмөт тарабынан 550 000 сом, жергиликтүү тургундар тарабынан 1 950 000 сомго скважина казылып, 5500 метр полиэтилен трубалары жаткырылып, 30 даана суу чыгуучу колонкалар орнотулду. Азыркы күндө толук кандуу ишке түшүү аракеттери көрүлүүдө.



## Энергетика жана өзгөчө кырдаалдар

А.Мирмахмудов атындагы айыл аймактарда жалпы 80 даана столбалар орнотулуп, жергиликтүү бюджеттен 1 727 570 сом ажыратылды. Эл тарабынан 236 000 сомдук колдоо көрсөтүлдү. Барын айылына айыл өкмөт тарабынан 80 даана жалпы баасы 252 000 сомдук жол чырактары (прожектор) коюлду.

Арал айылында Дамин ата көпүрөсү элдин жана айыл өкмөтүнүн жардамы менен салынды. Жергиликтүү тургундардан 150000 (жүз элүү миң) сом айыл өкмөт тарабынан 100 000 (жүз миң) акча каражаты сарпталды.

Арал айылында элдер өтүүчү көпүрө куруута жалпы сметалык баасы 9,500 000 сом акча каражаты ӨКМ тарабынан каржыланып, 2024-жылы башталган, 2025-жыл феврал айында бүткөрүлдү.

Ошондой эле Арал айылына 70 даана, Барын айылына 110 даана габион сетка ӨКМ тарабынан алынып, жергиликтүү тургундар жана айыл өкмөт тарабынан орноштурулуп, жалпы сметалык баасы 504 000 сомду түздү.

Селдин кесепеттеринин алдын алуу боюнча Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын буйругуна ылайык, борбордук базардын ортосундагы сайдын четин тазалоо жана мыйзамсыз курулуштарды алуу боюнча жумуштар аткарылды. Натыйжада 30 контейнер алынып жана 13 курулуш бузулуп тазалоо иштери жүргүзүлдү.

Капчыгай айылында жайыт жери жана элдердин үлүш жерлерине барган ички көпүрөнү ондоо иштерине 160 000 сом МЧС тарабынан каржыланып, жергиликтүү тургундар тарабынан орноштуруу иштери аткарылды.

Айыл аймактагы мектептердин 8-9-10-11-класстардын окуучуларына «Өзгөчө кырдаалдар, анын түрлөрү жана алдын алуу чаралары» темасында окуулар өтүлдү.

## Мыйзамсыз курулуштарды бузуу жана жолдорду кеңейтүү

А.Мирмахмудов атындагы айыл аймагындагы айылдарда мыйзамсыз курулуштарды бузуу жана жолдорду кеңейтүү иштери жүргүзүлдү. Атап айтсак Киров айылында К.Аскаров, Арал айылынын Мусабай-Ата, Кара-Кокту айылынын Гышкана көчөлөрүндө кызыл сызыкка чыгып кеткен тосмолор, курулуштар ээлеринин эсебинен жылдырылып, жолдор кеңейтилди.

Айыл аймактагы жерлерди өз билемдик менен басып алуу боюнча 4 факты катталып, 3 обьект тушундүрүү иштеринин натыйжасында курулуштар токтотулган. Ал эми 1 обьект Ноокат РИИБне өткөрүлүп берилди. КР укук бузуулар жөнүндө кодексинин 492-беренесине ылайык 6 жаранга карата айып пулдар салынды. Борбордук базардын Кербен-Сарай бөлүгүндө жайгашкан 3 ашкананын муниципалдык жерге курган мыйзамсыз курулуштары ээсинин эсебинен бузулду.

## Кызмат көрсөтүүлөр

«Бирдиктүү терезе» аркылуу келген жарандардын суроо-талаптарын аткарып, «Е-кызмат», «Санарип-Аймак» жана «Инфодокс» программаларынын негизинде иштер жүрүүдө. 2024-жылга карата «Санарип-Аймакка» 4126 кожолук киргизилип, 97,7 % ды түзүп, калктын саны боюнча 25 948 жаран катталып, жалпы 91,98 %га жетти. Айыл өкмөтүн ишмердиги боюнча жогору жактан келген 233 токтом жана 200 буйрук иштелди. Социалдык кызматкер Роза Орунбаева, юрист Кубанычбек уулу Эркинбек, ага салыкчы Нурсултан Кеңеш уулу, жер адиси Юсуф Сайтбаев, ФЭб башчысы Тынычбек Убали уулу жана соц-кызматкер Роза Мирмахмудова үлгүлүү иштешүүдө.

## Социалдык тармак

Азык-түлүк программасынын негизинде дүйнөлүк банктан 254 жаранга 3 314 700 сомдук жардам берилди. 1-июнь- Бүткүл дүйнөлүк балдарды коргоо күнүнө карата айыл өкмөт тарабынан 100 000, сом жергиликтүү тургундар тарабынан 220 000 сом акча каражаты ажыратылып айыл өкмөт тарабынан иш-чара уюштурулуп, түрдүү категориядагы 120 балага белектер берилди.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15 –июлундагы № 385 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2022-жылдын 29-июлундагы №110-буйругуна ылайык «Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө» токтомун ишке ашыруу максатында А.Мирмахмудов атындагы айыл өкмөтүндө 2024-жылы 176 үй-бүлө мал чарбачылык, тигүүчүлүк жана башка бизнес пландарын ишке ашыруу үчүн 100 000 миң сомдон акча каражатын алышып, кичи бизнестерин өнүктүрүүдө.

"1-октябрь-Карыялардын эл аралык күнүнө" карата 70 жаштан жогорку 30 карыяга 50 000 сомдук пакет таратылып берилди.

Мындан тышкары, 1-декабрь-Бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата 2024-жылдын 1-ноябрынан 1-декабрына чейин бир айлык боюнча ВИЧ-инфекциясына каршы күрөшүү жана алдын алуу максатында Айыл өкмөттүн аймагындагы В-20 илдети менен жабыркаган 19 жарандын ар бирине жергиликтүү бюджеттин эсебинен 10 000 сомдон, жалпысы 190 000 сом акчалай жардам көрсөтүлдү.

Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 23-апрелиндеги «Калкты кургак учуктан коргоо жонундогу» мыйзамынын 15-беренесине ылайык А.Мирмахмудов айыл өкмөтү боюнча кургак учук оорусу менен ооругандарга 40 000 сом акчалай жардам көрсөтүлдү. «3-декабрь-Майыптардын эл аралык күнүнө» карата жергиликтүү бюджеттин эсебинен 60 000 сом бөлүнүп, майыптарга белектер жана акчалай жардамдар берилди.

## Жер мунапысы боюнча аракеттер

А.Мирмахмудов атындагы айыл өкмөтү тарабынан 2024-жылда, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 1-апрелиндеги №21 мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы №291-токтомунун талаптарынын негизинде Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого негиз, курулуп калган обьектилердин жана ээлеп алган участоктордун жер аянтарынын мыйзамдаштыруу боюнча мунапыска кирген обьекттер боюнча иш чаралар улантылды. Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын алдында түзүлгөн комиссия жактырган 473 жаранга курулуп калган турак жайларын мыйзамдаштыруу боюнча токтом кабыл алынып, 2025-жылдын 1-январына карата 465 жаран жерге болгон укук тастыктоо иш кагазы-Мамлекеттик актын колго алышты.

**Бурма Ысакова.**

# МАКСАТЫБЫЗ – ЭЛДИ ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫ МЕНЕН ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ КАМСЫЗДОО



**Өзгөн райондук электр тармактары ишканасынын карамагындагы 10 кВ болгон аба чубалгыларынын жалпы узундугу 879,5 чакырымды түзгөн 50 даана тарамдар (фидерлер) жана чыңалуусу 0,4 кВ болгон аба чубалгыларынын жалпы узундугу 789,1 чакырымды түзгөн 1178 даана көмөкчү чордондор бар. Ишкананын Өзгөн, Куршаб, Жазы, Салам-Алик жана Мырза-Аке сыяктуу 5 аймактык бөлүктөрү жана Заргер фидери бар.**

**Биздин кабарчыбыз аталган ишкананын жүргүзгөн жумуштары менен таанышып, анын жетекчиси Алтынбек Абдулашимович Омоналиевге бир катар суроолорду узатып, тиешелүү жооп алып кайткан.**

**- Алтынбек Абдулашимович, Өзгөн райондук электр тармактары ишканасына Кемпир-Абад суу сактагычынын айланасындагы айылдарга электр энергиясын үзгүлтүксүз жана сапаттуу жеткирүү багытында тапшырма берилген болчу. Анын жыйынтыгы кандай болду?**



- Бул тапшырмалар өз убагында жасалган. Жаңы-Жол жана Кыймыл айылдарында чыңалуусу 10 кВ линиянын жалпысынан 13,2 км аралыгы реконструкциядан өткөрүлгөн. Мырза-Арык айылында чыңалуусу 0,4 кВ линиянын 0,5 чакырым аба чубалгылары курулду. Алга, Кызыл-Октябрь айылдарында чыңалуусу 0,4 кВ болгон жалпысынан 4,55 чакырым аба чубалгылары курулуп, кошумча 1 даанадан трансформатордук көмөк чордон орнотулган.

Элдик Курултайдө көтөрүлгөн маселелердин алкагында Жыланды айыл өкмөтүнө караштуу Красный Маяк жана Жыланды айылдарында чыңалуусу 10 кВ болгон 2,6 чакырым аба чубалгылары жаңыланды жана пайдалануу мөөнөтү өтүп кеткен 65 даана жыгач мамычалар темир-бетон мамычаларга менен алмаштырылып, колдонууга берилген.

**- CASA-1000 эл аралык долбоорунун экинчи бөлүмүнүн алкагында Өзгөн районунун аймагындагы аткарылган иштерге токтоло өтсөңүз?**

- Бул долбоордун натыйжасында төмөнкү чыңалуудагы (СВ-9,5) жана даана жогорку чыңалуудагы (СВ-110) мамычалар орнотулган. Ошону менен бирге 4 даана кошумча 1 даанадан трансформатордук көмөк чордон орнотулуп, 14 чакырым төмөнкү чыңалуудагы жана 4,7 чакырым жогорку чыңалуудагы аба чубалгылары тартылды. Аталган эл аралык долбоордун алкагында аткарылган жумуштар Өзгөн районунун аймагындагы Мырза-Арык, Орто-Арык, Кароол, Шералы, Кош-Коргон, Кашка-Терек, Жаңы-Жол жана Ана-Кызыл айылдарын электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыздоого мүмкүнчүлүк берет.

**- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан берилген көрсөтмөнүн негизинде бул тармактагы чачыранды болуп калган бир катар компаниялар Кыргызстан улуттук электр тармактарына кошулгандан бери энергетика тармагында оң тарапка өсүү сезилип жатат. Аны өзүңүздүн ишкананын мисалдары менен далилдей өтсөңүз?**

- Туура айтасыз, биздин тармакта мурдагы учурга салыштырмалуу сезилээрлик жылыштар, өзгөрүү бар экендигин, министрлик тарабынан ишканалардын материалдык- техникалык базасын чыңдоого олуттуу көңүл бурулуп жаткандыгын жана керектүү сандагы жабдуулар, техникалар менен камсыздоо маселелери оң жолго салынып ондоп-түзөө, техникалык тейлөө, капиталдык жана реконстукция жумуштарын ойдогудай жүргүзүүгө шарттар түзүлүп жаткандыгын баса белгилеп өтүү зарыл.

Алсак, министрдин көрсөтмөсүнүн негизинде ишкананын Өзгөн шаарында жайгашкан башкы кеңсеси, анын Мырзаке бөлүмүндөгү имараты капиталдык ремонттон өткөрүлүп, кызматкерлердин өндүрүмдүү иштөөсүнө жана эс алууга шарт түзүлдү. РЭТтин Салам-Алик, Куршаб бөлүмдөрүндө жаңы имарат салынып жатат. Учурдан пайдаланып, айта кетүүчү жагдай, ишкананын техникалык паркы жаңы техникалар менен толукталып жатат.

**- Өзгөн - айрым райондорго салыштырмалуу тоолуу аймак, 2025-2026-күз-кыш мезгилдерин ийгиликтүү өткөрүүгө даярдыгыңыздар кандай?**

- Кыш биздин ишкана үчүн чоң сыноо. Ишкананын Өзгөн, Куршаб, Жазы, Салам-Алик жана Мырза-Аке сыяктуу 5 аймактык бөлүктөрү ага алдын ала даярдык көрүп жатат. Күз-кыш мезгилдерин ийгиликтүү өткөрүү максатында алдын ала катардагы жана капиталдык оңдоолордун план–графиктери түзүлгөн. Анын негизинде быйыл кезектеги жана капиталдык ремонттордун сапатына көзөмөлдү жана талапты күчөттүк.



Анын алкагында жабдыктарды техникалык жактан техникалык тейлөөдөн өткөрүү боюнча төмөнкүдөй жумуштар аткарылган. Ишканада алты айдын ичинде 63 даана көмөкчү чордон оңдоп-түзөөдөн, 316 даанасы техникалык тейлөөдөн, 114 даанасы капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү.

Чыңалуусу 10 кВ болгон 876,04 чакырым аба чубалгыларынын 5,1 чакырымы капиталдык оңдоп-түзөөдөн, 495,54 чакырымы техникалык тейлөөдөн өткөрүлдү. Ашыкча күч менен иштеп жаткан Өзгөн шаарындагы жана Салам-Алик бөлүмүндөгү 4 трансформатордук көмөкчү чордондордун кубаттуулугун жаңылоо максатында капиталдык курулуш жана реконструкциялоо иштеринин алкагында чыңалуусу 10 кВ болгон 1,4 км аба чубалгылары тартылат. Чыңалуусу 0,4 кВ болгон 785,31 чакырым аба чубалгыларынын 495, 54 чакырымы техникалык тейлөөдөн, 19,05 чакырым аба чубалгысы капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү. Катардагы жана капиталдык оңдоо мезгилинде биздин кызматкерлер аба-чубалгыларынын алдында өскөн бак-дарактарды кыркуу жүргүзүлгөн. Бул жагынан алганда айыл өкмөттөр, айыл башчылар тарабынан да жардам берилет.

Өзгөн шаарында, Кароол, Салам-Алик, Дөң-Булак аймактрында 2,15 км чыңалуусу 0,4 кВ болгон аба чубалгылары тартылат. 3,8 км Заргерде Дөң-булак, Кароол Ийри-Суу айылдарында курулат.

Мырзаке, Куршаб, Жылалды айылдарында техникалык жактан кайрадан куралдандыруу максатында шкафтарды жаңылоо жумуштары жүргүзүлөт. 4 даана трансформатордук көмөкчү чордондор орнотулду.

**-Сиздердин ишканаңыздар райондогу 48 208 калк, 4 129 жакын калк эмес керектөөчүлөрдү электр энергиясы менен камсыздайт. Сатылган электр энергиясынын товардык өндүрүмүнүн абалы кандай?**

-Өзгөн райондук электр тармактары ишканасына калк жана калк эмес абоненттеринин саны кошулгандыктан, быйылкы жылдын алты айында эле 152 млн.138 миң кВт/саат керектелген. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу электр энергиясы көп керектелген дегенди түшүндүрөт. Сатылган электр энергиясынын товардык өндүрүмү 235 013,3 млн. сомду түзүп, электр энергиясын пайдалануучулардан 278,3 миң сом акча каражаттары жыйналып, товардык өндүрүмдүн көлөмү 99,9 %га аткарылды, анын ичинде калк абоненттердики 100 %ды түздү. Максатыбыз- элди электр менен үзгүлтүксүз камсыздоо. 2025-жылдын 1-январына карата дебитордук карыз 13 млн. 7521, 9 миң сом болсо, ал быйылкы жылдын 1-июлуна карата 13 млн. 701,5 миң сомду түздү.

Бул жерде белгилеп өтүүчү жагдай, "Мой свет" тиркемесин ишке киргизүү жана акылдуу эсептегичтерди орнотуу төлөмдөрдү төлөөдө бир топ ыңгайлуу болуп жатат.

**- Соңку суроо, райондун аймагында акылдуу эсептегичтер коюлганбы?**

-Быйыл биздин ишканага 48 000 акылдуу эсептегичтер алынып келинип, анын 15 минден ашыгы Өзгөн шаарына орнотулду. Калганы жыл аягына чейин орнотулмакчы.

**Маектешкен:**
**Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ.**

Саламатчылык

# Ич өткөк оорусунан сактаналы

## Жер-жемишти жууп жеп, гигиенын саактоонун мааниси

Жай келип, дүр-дүйнө жер-жемиштер, жашылчалар чыгып, мындан улам ич өткөк оорусу да көбөйөт. Мындан учур жылда болгон мүнөздүү көйгөй. Жер – жемишти жуубай жеп, жеке гигиенаны сактабай, ич өткөк оорусуна кабылып калабыз. Колдуу жууп, жей турган азыкты да жууп, залалсыздандырып жеген эп.

Дарыгерлердин айтымында, адамдын ден -соолугу анын тамактанганынан көз каранды. Күч-кубат берген да, алды кетирип буттан жыккан да тамак. Анын айынан адамды алсыратып, шайды оодаруучу эң коолтуу "ич өткөк" дарты пайда болот. Өзгөчө күндүн ысышы менен ич өткөк оорусу күчөгөн мезгил келгенин айткан дарыгерлер күнүмдүк жеп-ичкендерге кылдат маани берүүнү көңүлгө бекем түйүү керектигин эскертип коңгуроо какканы де бекеринен эмес.


Ич өткөк өз алдынча оору болбостон, ал көптөгөн патологиялык процесстердин белгиси катары пайда болот. Анын пайда болушуна катуу кармаган жугуштуу оорулар, мисалы, дизентерия, тамак-аштан ууулануу, ич келте, холера, ичегинин өнөкөт сезгенүү оорулары (энтероколит, колит жана башка) себепчи болот. Ошондой эле карындын, уйку безинин маңызы, өт жетишсиз болгондогу тамак сиңирүүнүн бузулушу, ичегилердин начар иштеши себеп болот. Айрым кишилерде катуу кайгыруудан, коркуудан, кээ бир тамак-ашты (сүт, жумуртка, жашылча-жемиш) сиңире албоодон да болот. Ич өткөк организмден уулуу заттарды, оору пайда кылуучу микроорганизмдерди, чирик продуктуларды жана башка бөлүп чыгарып, организмдин коргонуу реакциясы болуп саналат.

Ич өткөк лабораториялык, бактериологиялык, рентгендик жана эндоскопиялык изилдөөлөр менен аныкталат. Ошондуктан ич өткөктө эртерээк врачка кайрылып, оорунун белгилерин, өзүнүн абалын так, толук айтып берүү маанилүү. Көбүнчө оорулуулар ооруканага жаткандан коркуп, оорунун белгилерин толук айтышпайт, врачка убагында кайрылбайт. Оорулуу айланасындагыларга жуктуруу коркунучунда же аны ооруканада дарылоо зарыл учурда гана ооруканага жаткырылат.

Диагноз коюлганга чейин оорулууну өзүнчө бөлмөгө жаткырып, идиш-аяк, сүлгүсүн бөлүп, майлуу тамактарды, жемиш, сүт бербөө керек. Өз алдынча дарыланып, антибиотиктерди колдонуу оорунун белгилерин чаташтырып, туура диагноз коюуга тоскоол болот жана анын кабылдоосуна алып келет. Ич өткөктүн алдын алууда тамактануу режимин туура сактоо, тамакты жакшы бышырып, шашпай, майда чайнап жеш талапка ылайык. Өздүк гигиенаны, идиш-аякты таза кармоо, тишти таза сактоо, ичеги-карындын оорусунун алдын алуу жана дарылоо зарыл.

### Ич өткөктүн белгилери

Оорунун алгачкы белгилеринде дене ысып, дене табы жогору көтөрүлөт, жүрөк айланып кусуу жана ич оорусу башталат. Ич оорунун да түрлөрү көп. Ал бурап же сайгылашып оорушу мүмкүн. Көбүнчө ич өткөндөн кийин бейтап жеңилденип калат. Бирок ич өтүү кайрадан кайталана берет. Анткени адамдын организми денеге келген микробдор менен тынымсыз күрөшүп тургандыктан жогоруда айтылган белгилер адамды кыйноого салат. Бул учурда организмдеги бардык витаминдер сыртка айдалып чыгат да, адамды алсыздык жана калтырак басат. Ал эми жаш балдардын температурасы 38 градуска жетүү менен абалы



оорлоп кетиши мүмкүн.

### Алдын алуу жолдору

Ич өткөк менен оорубаш үчүн жөнөкөй эрежелерди сактоо маанилүү. Алардын маанилүүсү тазалык. Биринчиден, чоң-кичине дебей ар бир үй-бүлө мүчөсү тамакка отурардан мурун колду самындап таза жууганды эреже кылышы керек. Экинчиден, көбүнчө ич өткөк жуулбаган жер-жемиштер аркылуу козголот. Мисалы, агын суу менен келген бактериялар өсүп турган жер-жемишке жабышып калышы мүмкүн. Алар сыртынан таза көрүнгөнү менен анда суу жана аба аркылуу келген миңдеген микробдор жашайт. Ошондуктан чоңдор жаш балдарга жержемиштерди сөзсүз жууп бериши керек. Сүт азыктарын, сууну кайнатып ичүү зарыл. Көчөдө, базарда сатылган ар кандай тамак-аштарды жей берүү туура эмес. Адам ушул эрежелерди сактоо менен бул оорунун алдын алган болот. Диарея (ич өткөк) – бул суюк, тез-тез болуп туруучу суу аралаш заң. Балдарда көп жолугат. Эгерде балаңыздын ичи өтсө тезинен ооруканага же үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна кайрылыңыз. Ошондой эле баланын сууну жетишээрлик ичип жатканына ынаныңыз. Баарынан жакшысы регидратациялык туздуу суюктукту колдонгонуңуз оң.

### Ич өткөкө тест

Эгерде, ич өткөк белгилүү бир вирус, бактериялар же мите курттар менен коштолгон болсо, анда баланын заңы көйгөй эмнеде экендигин көрсөтөт.

Ич өткөк көп убакытка созулса, оорунун башка негизги себептерин изилдөө үчүн үй-бүлөлүк дарыгер кошумча анализдерди жазып бериши мүмкүн (кандын жана заңдын анализдери).

### Ич өткөктү дарылоо

Эң башкысы – балаңыз жетишээрлик суу ичип жаткандыгына ынануу. Баарынан жакшысы - таза суу, туз жана канттын аралашмасы болгон ооз аркылуу ичүүчү регидратациялык туздуу суюктукту колдонуу. Сиз бул суюктукту дарыканадан рецепти жок эле сатып ала аласыз. Эки жашка чейин ар бир суюк заңдоодон кийин 50-100 мл., 2 жаштан жогору 100-200 мл. ар бир суюк заңдоодон кийин берүү керек. Балага суюктукту, ич өткөк токтоп калмайынча чындап кичине ууртам менен тез-тезден берип турган оң.

Эгерде, сиздин балаңыз эне сүтү менен тамактанган бала болсо, анда баланы тез-тез эмизүүнү уланта бериңиз. Сиз балаңызды эмизүүнүн ортолорунда, ооз аркылуу берилүүчү кошумча суюктуктарды берсеңиз болот. Эгерде, балаңыз сүт аралашмасы менен тамактанып жаткан болсо, ооз аркылуу берилүүчү кошумча суюктуктарды биринчи 24 саат ичинде гана берип, андан кийин тамактанууcуна сүт аралашмасын тез-тез жана кичине үлүштөр менен бериңиз. Сиз мурдагыдай эле эмизүүнүн аралагында ооз аркылуу ичүүчү регидратациялык туздуу суюктук менен бирге суюк тамактарды (мисалы, сорпо, күрүч кайнатмасы, кефир кошулган суусундуктар ,кайнатылган же бөтөлкөдөгү суу) берсеңиз болот.

### Кошумча процедуралар

Эгерде, баланын суусуздануусу ооз аркылуу ичүүчү регидратациялык туздуу суюктукту бергенден кийин дагы улана берсе, анда ага түздөн-түз суюктукту тамчылатма аркылуу же мурун менен көтөрүлүп ашказанга баруучу назогастралдык зонд, түтүкчө аркылуу берүү талап кылынат.

Баланы ич өткөккө каршы дарылар менен эч качан дарылабагыла. Бул ыкмалар иштеп кетет деген далил жок. Балким сиздин балаңызга антибиотиктер дагы керек эмес, сиздердин үй-бүлөлүк дарыгер сиздин балаңыз үчүн дарылоонун эң жакшы жолун айтып берет.

### Ич өткөктүн алдын алуу

Эгерде балаңыздын ичи өтсө, сиз бул инфекцияны токтотууга төмөндөгүлөр аркылуу жардам бересиз:

-зыянсыз суунун болушу (зарыл болгон учурда сууну кайнатуу);

-жакшыртылган санитардык шарттар;

-колду самындап жуу;

-баланы биринчи алты ай ичинде эне сүтү менен гана багуу;

-талаптагыдай өздүк гигиенаны жана тамак-аш гигиенасын сактоо;

-ротавирустук инфекцияга каршы эмдөө. Балаңыздын ичинин өткөнү эң аз дегенде 24 саат ичинде токтомоюнча, баланы башка балдардан, мектептен же балдар мекемелеринен алыс кармоо керек.

### Көпкө созулган ич өткөк

Көпкө созулган ич өткөк төмөндөгүлөрдөн келип чыгышы мүмкүн:

лактозанын түрлөрүнө туруштук бере албоочулук (канттын сүттөгү компоненти );

-лямблия сыяктуу мите курт инфекциялары;

-глютен оорусу;

-кээ бир тамак-аш азыктарына туруштук бере албоочулук;

-дүүлүккөн ичеги синдрому;

ичегинин сезгенүү оорулары сыяктуу азыраак таралган оорулар.

Дене табы 39-40 градуска чейин көтөрүлгөн кезде жаш балдардын арасында тырышып калуу көп кездешет. Ошондуктан мындай болбошу үчүн оорулууну жеңил кийиндирип парацетамол берүү керек болсо, денесин суу чүпүрөк менен сүртүп, башына суу чүпүрөк коюп коюу зарыл. Кайнатылган, газдалбаган суу же компот берип туруу зарыл.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

Жарыялар

### Тендер

ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца Кыргызской Республики» в рамках реализации проекта "DREF" при поддержке Международной Федерации обществ Красного Креста и Красного Полумесяца.

Объявляет тендер Тендер на оказания конференц услуг.

Приглашения к участию и подробную информацию об условиях проведения семинара можно получить в Ошском Областном фелиале ОО "Национальное Общество Красного Полумесяца КР" по адресу: г. Ош, ул Баялинова 3, с понедельника по пятницу с 08:30 до 17:30.

Ваше ценовое предложение в запечатанных конвертах с пометкой «Тендер на оказания конференц услуг с 11 по 19 августа» должно быть получено до 17:00 часов 29 июля 2025 года по адресу г. Ош, ул Баялинова 3, Ошский фелиал ОО «Национальное Общество Красного Полумесяца КР».

### Жараксыз

Айтиева Гульмира Сурановнага таандык Жалал – Абад медициналык окуу жайын 1989 – жылы 6 - июлда бүтүргөндүгү тууралуу берилген МТ - 1 №066784 дипломy тиркемеси менен кошо жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

Тойчуева Аяна Багышбековнага таандык жалпы республикалык тестирлөөнүн № 5320046 сертификаты жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

Ташева Зумурат Абдыкадыровнанын (10.02.1961 ж.т., паспорт № ID 0371479, МКК 216053) атына жазылган жеке ишкердүүлүк күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Акционерлер чогулушу

"Дарыгер" ААК (Өзгөн шаары В.И.Ленин көчөсү №138, ИНН: 01605199510040) 2025-жылдын 15-августунда саат 14:00дө жылдык акционерлер чогулушун өткөрөт. Дареги: Өзгөн шаары, В.И.Ленин көчөсү №138. Күн тартибинде төмөндөгү маселелер каралат:

1. 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча "Дарыгер" ААК директорунун отчету.
2. 2024-жыл боюнча ревизиялык комиссиянын отчету.
3. Бир жылдык балансты бекитүү, пайда-зыянды эсептөө.
4. 2025-жылга "Дарыгер" ААК директорун шайлоо.

Акционерлердин катышуусу паспорт аркылуу жүргүзүлөт.

### Собрание акционеров

АООТ "Дарыгер" г. Узген ул. В.И.Ленина №138, ИНН: 01605199510040 проводит годовое собрание акционеров которое состоится в 14-00 часов 15 августа 2025 года по адресу: г.Узген ул. В.И.Ленина №138 со следующей повесткой дня:

1. Отчет директора АООТ "Дарыгер" по результатам работы за 2024 год.
2. Отчет ревизионной комиссии за 2024 год.
3. Утверждение годового баланса, счета прибылей и убытков.
4. Выборы директора АООТ "Дарыгер" г. Узген за 2025 год.

Явка акционеров производится по паспорту.

# Төө-Моюндагы тазалыкты туу туткан тармак

## Авиз айылынын жаш кадры

Кыргызстандын аймактарында жаштардын коомдук ишмердүүлүккө активдүү аралашып, жергиликтүү маселелерди чечүүгө бел байлап киришкени кубантарлык көрүнүш. Ушундай демилгелүү жаштардын бири Рахманкул уулу Амантай. Ал Төө-Моюн айыл өкмөтүнүн алдында жаңыдан негизделген "Төө-Моюн тазалык" муниципалдык ишканасынын жетекчиси болуп иштеп келет. Жаштыгына карабай, чоң жоопкерчиликти моюнуна алган жетекчи айылды таза жана тартиптүү кармоого бардык аракетин жумшап жаткан кези.



Амантай мырзанын жашоосу Авиз айылынан башталган. 1996-жылы жарык дүйнөгө келген каарманыбыз, бала чагынан эле тартиптүү, эмгекти туу туткан инсан болгонун жергиликүүлөр белгилешет. Ал айылдагы Мамадияр Кадыров орто мектебин аяктаган соң, Кызыл-Кыя шаарындагы Т.Кулатов атындагы тоо-техникалык колледжден билим алып, кен байлыктарды казып чыгаруу боюнча адистикке ээ болгон.

Бирок, Амантай мырза кесиптик билим менен чектелбей, жигиттик милдетин да так аткарган. Алай районундагы 92834 аскер бөлүгүндө тоо-аткычтар батальонунда кызмат өтөгөн.

## Жаңы ишкана -чоң милдет

2025-жылдын башында Төө-Моюн айыл өкмөтү "Төө-Моюн тазалык" деп аталган жаңы муниципалдык ишкананы түптөп, анын жетекчилигине ишеним артылып Амантай мырза дайындалган. «Тазалык болбосо, кандай жашоо болсун» деген түшүнүк менен ишке киришкен жетекчи, кыска убакыт ичинде эл ишеничин актаганга жетишти.

Бүгүнкү күндө ишканада беш жумушчу орун түзүлгөн. Айылдын таштандыларын өз убагында ташып чыгуу негизги милдет. Бирок, бул кызмат оңой иш эмес. Жергиликтүү бийлик берген оор техника эскилиги жетип, көп учурда оңдоп-түзөө түйшүгүн жаратып келет. Ошого карабай, Амантай жеке менчик эки техникаларын ГАЗ-53 жүк ташуучу унаасын жана чиркегичи бар тракторун эл кызматына пайдаланууда.

«Эр болсоң, элиңди ойлойсуң. Техникабыз эски болгону менен, таштандыларды убагында алып чыгууга болгон аракетибизди жумшап жатабыз.



Тазалык кызматтары үчүн айыл тургундары айына 100 сомдон акы төлөшөт. Бул сумма чоң көрүнбөсө да, ар бир сом ишкананын ишин улантууга өбөлгө болот. Учурда ишкана «там-туң баскан баладай» жаңы гана кадам таштап жатканы менен, алдыдагы максаттар чоң.

Амантай мырза заманбап техникалар менен камсыз болуп, жумушчу орундарды көбөйтүүнү көздөөдө. Бул үчүн ал мамлекеттик программаларга, гранттык долбоорлорго катышуу жолдорун изилдеп жатканын белгиледи.

«Алдыда техникалык базабызды чыңдап, калкка кызматты дагы сапаттуу көрсөтүүгө жетишели деген тилегибиз бар. Жетекчи катары күн сайын изденүүдөмүн. Буюрса, айылыбыздын тазалыгын үлгүлүү деңгээлге чыгарабыз», -дейт жаш жетекчи.

## Жаңы ыкма колдонулууда

Аймакта таштандыны жок кылуунун жаңы ыкмасы ишке ашырылууда. Бул ишти жаш жетекчи жетектеген топ демилгелеп, таштандыны зыянсыздандыруу аркылуу экологияны коргоону максат кылышууда. Алар таштанды таштоочу полигонду 5 метр терендикте казып, таштандыларды ошол жерге таштап, өрттөп, андан соң топурак менен жаап салышууда.

"Бизде атайын техника жок болгондуктан, экскаваторлорду ижарага алып иштеп жатабыз. Албетте, бул көп каражатты талап кылууда. Бирок, чыгымга карабай, иштерди ирети менен аткарып келебиз. Анткени негизги максатыбыз -айлана-чөйрөнү таза сактоо," -дейт жаш жетекчи.

Бул ыкма азырынча бир гана аймакта колдонулуп жатканы менен, эгер, натыйжалуу болсо, башка аймактарда да жайылтылат деп күтүлүүдө. Жергиликтүү тургундар бул демилгени колдоп, экологияны сактоого өз салымдарын кошууда.

## Коом үчүн аракет

Амантай мырзанын жигердүү аракети айыл эли тарабынан жогору бааланып, жергиликтүү кеңештин Ардак грамотасы менен сыйланган. Бул сыйлык -анын ишине берилген баа гана эмес, келечекте дагы чоң иштерди жасай турганына болгон ишенимдин белгиси.

Кыргызстанда мындай демилгелүү жаштар көп болсо, айылдардын өнүгүүсү, тазалыгы жана тартиби дагы көзгө көрүнөөрлүк өзгөрөт десек жаңылышпайбыз. Төө-Моюн айылындагы тазалык ишканасы азырынча чакан гана башталыш. Бирок, аны жетектеген Амантай сыяктуу ишенимдүү адамдардын аракети менен ийгиликтер жаралат.

Тазалык -жашоо маданиятынын көрсөткүчү. Ал эми бул маданиятты калыптандыруу жигердүү, кайраттуу адамдардын колунда. Рахманкул уулу Амантай сыяктуу жаштар коомду өзгөртүүгө жөндөмдүү экенин бүгүнкү ишмердүүлүгү менен далилдеп жатат. Биз ага мындан ары ареккеттерине ийгилик каалап, айыл тазалыгы үчүн кылган эмгегине терең ыраазычылык билдиребиз.

**Н.ӨМҮРЗАКОВА.**

Тейлоо

# Жол – жашоонун кан тамыры



Мурда иштеген алистер жакшы билет. Бир жол тейлөөчү ишкана жылына 3 км жол салса, ошол чоң жетишкендик деп саналчу. Кийинки жылдарда мамлекетибиздин жетекчилеринин чечкиндүү аракетинен улам, өлкөбүздүн экономикасы өнүгүп, анын негизинде бардык тармакта каржылоо маселеси оң тарапка чечилүүдө. Республиканын бардык жол тейлөөчү ишканаларындай эле биздин ишкана да жол тейлөөчү атайын техникалар менен камсыз болуп жатат. Алсак, быйыл 4 техника жана атайын жабдуулар менен камсыз болду. Тактап айтсак, техникалык паркыбыз автогрейдер, жол таптоочу каток, 25 тонна жүк көтөрүүчү HOWO маркасындагы автомашина, жол тегиздөөчү техника менен толуктады. Андан сырткары асфальтты кесе турган фреза аппаратын алдык. Бул техникалар ишти натыйжалуу жана сапаттуу бүтүрүүгө өбөлгө түзүүдө.

Өткөн жылы биздин ишкана тарабынан 16,5 км аралык жолго асфальт басылган болсо, үстүбүздөгү жылы бекитилген планга ылайык 60 км аралык жолго асфальт төшөлөт. Быйыл алты айдын ичинде болсо 24 км аралыккка асфальт басылды. Анын ичинде Ынтымак айыл амагында 3, Отуз-Адыр, Датка, Манас айыл аймактарында 2 жолго асфальт басылды.

Жакында Кара-Суу районунун түзүлгөндүгүн 90 жылдыгына карата Ак-Терек айылында жергиликтүү тургундардын, айыл аксакалдарынын, айылдык Кеңештин депутаттарынын, райондун жетекчилеринин катышуусунда Жаңы-Арык–Кызыл-Суу автожолунун жаңы асфальт төшөлгөн 3 чакырымын ачуу салтанаты болуп өттү.



Аземге Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким Канат Табалдиев катышып, эл менен чогуу кубанычты бөлүштү. Ал айылдыктарга кайрылган сөзүндө "Ош-Кара-Суу" автожолун 4 тилкелүү жолго айландыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров тарабынан президенттик фондун эсебинен 1 млрд. сом каражат бөлүнүп берилгендигин белгилеп өтүп, азыркы учурда анын долбоорлоо жумуштары жүргүзүлүп жаткандыгына токтолду. Райондун жетекчиси сөз аягында Жаңы-Арык–Кызыл-Суу автожолунун 5 км. аралыгына асфальт төшөлө тургандыгын билдирди.

Анын сөзү кол чабуулар менен коштолуп, кызыл тасманы кескен аксакалдар жол абалтан эле жашоонун кан тамыры болуп келгендигин белгилешип, керек болсо андан карапайым адам да, падыша да басып өтөөрүн айтуу менен, жаңы асфальт жол мамлекетибизге, элге кызмат кылган жол болуусун каалаган каалоолорун айтып, бизге ак батасын беришти.

**Бөрүмамет Абдыразаков, Кара-Суу районундагы № 45 жол тейлоо ишканасынын башчысы.**